К. Маликов атындагы орто мектеби.

„Бекитилди"
30.04.2019.

# Ачык сабак

**Предмет: Сабат ачуу**

**Тема: "Кош, Алиппе"**

**Класс: 1**

**Мугалим: Карыбекова.А.Э.**

**2018 - 2019- окуу жылы.**

**Тема:** Кош, Алиппе

**Максаты:** 1. Окуучулар “Кош, Алиппе” атттуу коштошуу кечесинде бир жыл ичинде алган билимдерин жана талантгарын, шыктарын көргөзүшөт.

2. Бул кече аркылуу көркөм окууга, так сүйлөөгө, өзүн-өзү туура алып жүрүүгө, өз эне тилин сүйүп урматтого калыптанышат.

3. Ыймандуу, тартиптүү, сылык болуп өсүүгө тарбияланышат.

**Жабдылышы:** Дубал газеталар, сүрөттөр, макал- лакаптаптар , шарлар

**Сабактын жүрүшү:**

**Ачылышы:** КР нын Гимни менен башталат.

**Мугалим:** Арбаңыздар ардактуу ата- энелер!

Кымбаттуу эжей- агайлар жана окуучулар.

Бүгүнкү билимдин башаты болгон “А” деген арипти үйрөтүп, дүйнө таанытып, ак- караны, жакшы- жаманды ажырата билүүгө, сулуулукту, кооздукту, аруулукту, сезе билүүгө, намыстуулукту, билимдүүлүктү үйрөткөн эң алгачкы “ Алиппе “ китеби менен коштошуу салтанатына кош келиңиздер!

**Сиздерге:** Ала- Тоодой бийиктикти,
Ысык- Көлдөй ырыскыны,
Арчадай жаштыкты,
Темирдей бекемдикти каалайм.

Окуучулардын келечектери кең болуп, кыргыз элинин керегине жараган эр- азаматтардан болуу менен бирге “ Адам” деген атты татыктуу алып жүрүшүнө тилектешмин. Бүгүнкү майрамыңыздар менен!

**Саламдашуу :**

**Каныкей:** Саламдашуу салт экен,
Саламдашып алалы.
Балдай тилди какшатып,
Тилди алкап алалы.
Агарып таңдын атышы,
Кызарып күндүн батышы.
Эзелтен калган салт экен ,
Кыргызымдын салам айтышы.

**Азамат:** Салам айтам калың журт кыргызыма .
Салам айтам билим сунган эже- агайга.
Салам айтам ата- энеге окуучуга,
Мында олтурган жалпыңарга.

Бүгүн биздин мектепте,
Алиппенин майрамы.
Окуп калдык бүт таанып,
Отуз алты тамганы

Алгач жүрсөк апкаарып
Анан көнө баштадык.
Жаңылмачка тил көнүп,
Жакшы ырларды жаттадык.

Көптү билдик көп окуп,
Алиппе менен достошуп.
Сезимдерди ойготту ,
Оюбузга ой кошуп.

Сүйүктүү ушул алиппе
Китептердин төл башы.
Жолуктурган дөөлөргө
Жомогу бар көп жакшы

**Каныкей:** Бүгүн бизде чоң майрам.
Алиппенин майрамы.
Илим менен билимдин,
Ушул китеп каймагы.
Кана эмесе бир- бирден ,
Тамгаларды айталы.

**Үндүү тыбыштар:**

**"Аа"**

Менин атым "А" тамга,
Эң биринчи турамын.
Түзөп турам ар убак,
Бардык ысым курамын.

**"Оо"**

Тоголонгон топ окшош,
"О "тамгасы тоголок.
Окуу, отун , орокко,
"О " тамгасы колдонот.

**Уу**

Улуу тоодо жашаган,
Уккулуктуу сайраган.
Ушул кайсы канаттуу
"У " тамгадан башталган.?

**Ыы**

Ышкырыкка "Ы" келет.
Ырысбекке "Ы" керек.
"Ы" тамгасы колдонгон,
Кайсы сөздү ким билет?

**Өө**

" Ө" тамгасы тегерек
Өгөө десең Ө керек.
Өтөгөнгө саначы,
Канча тамга "Ө" келет.

**Үү**

Үлүл, үкү, үпүпкө,
Үстөл, үкөк, үртүккө.
Жазылат "Ү" тамгасы,
Жана дагы үтүккө.

**"Ээ"**

Эшик, элик, эмерек.
"Э" тамгасы эң керек.
Эң бир ыйык адамың.
Эне десең "Э" келет.

**"Ии"**

Ийне, илгич, ийнелик
"И" тамгасын билелик.
Илим кудук казгандай,
Ийне менен изденип

**Жумшак үнсүздөр:**

**Бб**

Бала, балык, балкага,
"Б" жазылат башына.
Балдар туруп эртелеп,
Барышат бакчага.

**Вв**

Мен үчүнчү турсам да,
Ордум дайым сакталат.
Көбүнчө орус ысымдар.
Мени менен башталат

**Гг**

Мен деген "Г" тамгасы
Дүйнөдө назик жекемин.
Башкасын кой, гүл десең,
Башкы тамга экенмин.

**Дд**

Ар убакта "Д" десең,
Дөөнү эстейт кээ бири.
Дүйнө десең баш тамга,
Боломун мен эң ири.

**Жж**

Желек, жебе, жарганат
"Ж" тамгадан башталат
Жоо келтирбей жерине
Жоокер жерин кайтарат

**Зз**

Мен деген "З" тамгамын
Зарылмын өтө көпкө
Куп жарашып каламын
Залкар деген сөзгө

**Йй**

Йогурт менен йодду
Й тамгадан баштайбыз
Й башына бөлөк сөз
Издесек да таппайбыз

**Лл**

Лампочкага , лыжага
"Л" жазылат башына
Лейла кооздоп алыптыр
Лента тагып чачына

**Мм**

Мышык, маймыл, мамалак
"М" тамгасы жазылат
Майрам эже мышыгын
Мый-мый-мый деп чакырат

**Нн**

Мен "Н" деген тамгамын
Нанда, нанда жазамын
Нандан ыйык байлык жок
Нанды дайым барктагын

**Рр**

Ранетага, Рахатка
Сөз башына "Р" келет
Компьютерлер башкарган
Роботтор да иштешет

**Каткалаң үнсүздөр:**

**Кк**

Кийим кийип калыңдап,
Канат кайда камынат.
Карасаңар баарыңар

**Пп**

Пахта, пилге, партага.
"П" жазылат баш тамга
"П" тамгасы болбосо
Сүйлөм сөздөн куралат.

**Сс**

Сабыр сабиз сугарат
Сайра сайдан суу алат
"С" тамгадан башталы
Сүйлөм сөздөн куралат

**Тт**

Темир тырмоок окшогон,
"Т" тамгасы мен болом.
"Т" тамгасын жазбасаң,
Топ болбостон оп болом.

**Фф**

Фартук жана формага
"Ф" жазылат баш тамга
Фломастерлер эң керек
Кооздоп сүрөт тартканга

**Хх**

Халат, хасан ,халвага
"Х" тамгасын жазабыз
Көк тиреген чокуну
Хан- Теңир деп атайбыз

**Цц**

Айлананы кагазга
Циркуль менен чиебиз
Сонун оюн көргөнү
Циркке барып киребиз

**Чч**

Чабалекей, чагылган.
" Ч" тамгасы жазылган
Чынчыл болуп чоңойгун.
Чындык ыйык барынан.

**Щщ**

Бул "Щ" тамга аталат
Щетка кийим тазалайт
Шатырата күн жааса
Плащ жаандан калкалайт

**Шщ**

Шыпылдатып колдорун,
Шырдак шырыйт Шарипа
Шабдаалыны үзөм деп,
Шакир чыкты шатыга

**Йоттошкон тамгалар:**

**Ее**

Жашайт экен токойдо,
Енот деген жаныбар.
Кудум мышык окшогон,
Куйругунда чаары бар.

**Юю**

Й менен У бирнгип,
"Ю" тамга деп аталат
Юла деген оюнчу
Чимирилип айланат.

**Ёе**

Й менен А биригип
"Е" тамга деп аталат.
Жашыл елка балаты
Жаны жылда жасанат.

**Яя**

Й менен А кошулса,
"Я" тамга деп аталат.
Якор, Ялта, Январь
"Я" тамгадан башталат.

**Ъ ( ажыратуу белгиси)**

Ат койбоптур энчилеп,
Ажыратуу белги деп,
Съезд, подъезд сөздөргө,
Мени жазат белгилеп.

**Ь ( ичкертүү белгиси)**

Алигиче атым жок.
Ичкертүү деп коюшат.
Июнь, июль сөздөргө
Мени жазып коюшат.

**Мугалим: 1.** Кыргыз тилинде канча тамга, канча тыбыш бар ?

2. Алар кандай болуп бөлүнүшөт?
3 Жалпы үндүүлөрдүн саны канча?
4. Созулма үндүүлөр канча?
5. Тамганын катарына кирет , бирок тыбыш бербейт , ал кайсы тамгалар?
6. Түгөйлүү үнсүздөр кайсылар?

**Мугалим жөнүндөгү монтаждар:**

Алтыдагы бөбөккө ,
Алиппени тааныткан.
Адамзатты илимге,
Алып келген даанышман.

Таалим алып жер жүзү.
Мугалимдин колунан.
Келечекке адымдап,
Келет тынбай жолунан.

Жетилсин деп жеткинчек .
Акыл күчүн төшөгөн
Баштап өткөн бүт элди.
Билим деген көчөдөн.

Окутуп көптү үйрөткөн.
Ойлонтуп көркөм сүйлөткөн.
Адептүү бол деп ар убак.
Айтканы кетпейт жүрөктөн.

**Хор " Мектебим"**

**I**

Көктөп билим бергин деп.
Босогоңо мен келдим.
Кучак жайып келгин деп.
Тосуп алдың мектебим.

**III**

Билим алып мен эми,
Минтип жалгыз чыгамын.
Коргоп ата Мекенди
Элге кызмат кылалы.

**II**

Берди эже жемишти.
Болсом мен да кенедей
Тартуу кылды арипти
Мээрим төгүп энедей.

**( кайырма)**

Билим издеп мен келдим.
Тосуп алдың мектебим.
Кенчти ал деп сен бердиң
Касиеттүү мектебим.

**Акыйнек айтышуу:**

Акыйнекти айтышуу,
Абалтан калган салт экен.
Ачык айтып ак сүйлөө,
Улуудан калган нарк экен.

Эки күндүн биринде,
Калтырасың сабакты.
Уялбастан сугунуп,
Унутпайсың тамакты.

Түшкө чейин уктаган,
Интернеттен чыкпаган.
Тентек балдар бизде көп,
Эжейдин сөзүн укпаган.

Китеп бетин ачпайсың,
Дептериңе жазбайсың.
Дептер бетин калтырбай,
Наклейканы чаптайсың.

Кол жазмасы ийрендеп,
Үч алдым деп сүйүнгөн.
Эжекеден тил угуп ,
Жүргөндөр бизде абдан көп.

Кыздар бүгүн бул жерге,
Камынып келген турбайбы.
Акыйнекти айтсак деп ,
Чамынып келген турбайбы.

Кыздарда деле жок эмес,
Тырмагы өскөн ороктой.
Сотка менен аз сүйлөш,
Убактыңды коротпой.

Идиш жуу десе укпаган,
Апасын өзү жуу деген .
Акылсыз кыздар бизде көп,
Айтканынан кайтпаган.

Акча сурап күнүгө
Апакесин кыйнаган,
Арабызда кыздар көп,
Аракет такыр кылбаган.

Сумкасын футбол ойногон,
Оюнга такыр тойбогон.
Балдар көп биздин арада,
Жерге жатып сойлогон.

**Чогуу:** Айтканын угуп эженин,
Адептүү болуп жүрөлү.
Айылга тийип пайдабыз,
Ааламга колду суналы.

**Мугалим:** **1.** Мекен деп эмнени айтчу элек?
2.Чоң жана кичи мекениңерди атагылачы?
3 Кыргызстан канча облустан турат?
4 Биз кайсы облуста, кайсы райондо, кайсы айылда жашайбыз

**Мекен жөнүндө ырлар:**

Кандай бир сонун кыргыз жер.
Ала- Тоого абдан эгедер.
Байлыгы кенен кыргыз жер.
Баркына жетпейт кээ бир немелер.

Кыргыз калкым керемет.
Арчасы бийик термелет.
Кулак салып тыңшасам.
Куштар үнү жан эргитет.

Төп келип баары көркөмдүү.
Көк суусу абдан толкуду.
Тамаша кылып отурсам.
Жүрөгүм абдан толкуду.

Кыргыздар кылымдарды карыткан эл.
Кыргыздар кырк уруудан чачылган эл
Кыргыздар ак калпагы башында эл.
Кыргыздар тоодой болгон барандуу эл

Кыргыздар бийик тутат намысты.
Кыргыздар бекем кармайт санаа - салтты.
Кыргыздар ала көөдөң болушат.
Кыргыздар ажыратпайт өздү – жатты.

**"Кыргызстаным"** ( Бекзат)
**Манас айтуу** ( Аурдин)
**Бий** "Дружба - это не работа"

**Апа жөнүндөгү ырлар:**
Апакебай ыйыгымсың сыйынган.
Бул жашоодо жалгыз сен деп кыйылам.
Мээримиңе таазим этип дайыма.
Урмат менен бүт ааламга жыгылам.

Уктай албай өткөргөн түндөрүмдү.
Алдейлеген бешиктеги үндөрүңдү.
Салыштырам өчпөс чыракка,
Түбөлүккө жарык кылган күүгүмдү.

Апа сен сезимдерге нурун чачтың.
Толкундап көз ирмебей ойго баттым.
Көптөгөн адамдардан жалгыз гана,
Жылдыздай жанып турат сенин атың.

Ким кубанбайт ата деген атыңдан.
Ким айланбайт апа деген атыңдан.
Сенин даңкың, сенин баркың ченемсиз.
Сизден чыккан улуу Чыңгыз акылман.

**Ыр: " Айым күнүм ата- энем."**

**Мугалим: 1.** Балдар Ч.Айтматов ким болгон?
2. Кайда төрөлгөн?
3. Кайсы чыгармаларын билесиңер?

**Сценка:** " Атадан калган туяк"
Катышуучулар:1 Автор ( Азамат)
2. Абалбек ( Бекзат)
3.Жеңишгул ( Таалайгүл)
4. Кемпир ( Акак)
5. Балдар ( Аурдин, Эмирдин)

**Макалдарды толуктоо:**
**Туулган жердин ( топурагы алтын)**
**Билим – кенч, Эмгек ( анын ачкычы)**
**Улууну урматта,( кичүүнү ызатта)**
**Жигитке жетимиш (өнөр аздык кылат.)**
**Суу бар жерде ( жашоо бар)**
**Эне сыйлаган ( элине жагат)**
**Аш атасы- нан, ( нан атасы дан)**
**Кыштын камын ( жайда көр)**
**Жакшы- эл камын ойлойт, ( жаман- өз камын ойлойт.)**
**Күч кетет,( билим кетпейт.)**

**Табышмактар:**

Бир карасам- гүлгө окшош.
Бир карасам - күнгө окшош.

Бири – ак, бири- көгүштөн,
Тынчтыктын символу
Ал кайсы куш?

Ал да мени түшүнөт,
Мен да аны түшүнөм.
Адамдардын чын досу,
Айбандардын ичинен.

Бышырсаң аш болот,
Бышырбасаң куш болот.
Жартысы сары, жартысы ак.
Мунун атын ойлоп тап.

Канаты бар учпаган,
Үйдүн жанынан чыкпаган.

Суу ичпейт, жем жебейт.
Каалашынча минесиң,
Чарчабайт, тердебейт.

Кызыл өңүн өзгөртүп,
Жашыл болот кайрадан.
Бир кырсыкка учурайт,
Анын тилин албаган.

Түндө бар, күндүзү жок
Асманда бар жерде жок.

**Бий:** ( 8- класстын окуучуларынын куттуктоосу)
**Жыйынтыктоо:**

Бажырайган тамгалар,
Баары бизге жат болду.
Жаркыраган заманда,
Башыбызга бак конду.

Алиппебиз сүйүктүү,
Ачып берди ак жолду.
Миң рахмат Алиппе,
Сен билимге кандырдың

Жаш балапан жүрөккө,
Максат отун жандырдың

Мугалим: Кымбаттуу ата- энелер, окуучулар!
Сиздер 1- класстын окуучуларынын “Кош , Алиппе” деп аталган салтанаттуу кечеде ар бир окуучунун талантына, шыгына, өнөрүнө жана билимине күбө болдуңуздар.
Окуучуларга ийгилик каалоо менен бирге салтанаттуу кечени жабык деп жарыялайбыз.